Тиркеме

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2025-ж.«_13_»_октябрь__ №__209___буйругуна

**Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн эксперименттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча НУСКАМА**

1. Эксперименттик билим берүү стандарттары жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдары (мындан ары – билим берүү уюму) тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн багыттарынын жана адистиктеринин тизмесине кирбеген багыттар жана адистиктер боюнча экономиканын, иш берүүчүлөрдүн жана жарандардын билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыгат.

2. Эксперименттик билим берүү стандартынын долбоорунда төмөнкү маалыматтар камтылышы керек:

- багыттын/адистиктин жалпы мүнөздөмөсү;
- багыт/адистик боюнча билим берүү программасын ишке ашыруу шарттарына карата жалпы талаптар;
- багыт/адистик боюнча билим берүү программасын ишке ашырууда окуучунун укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар;
- багыт/адистик боюнча билим берүү программасынын мазмунуна коюлуучу талаптар;
- окуу процесси үчүн кадрдык, окуу-усулдук жана материалдык-техникалык камсыздоого коюлуучу талаптар;
- багыт/адистик боюнча билим берүү программасынын түзүмү.

3. Эксперименттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгууда төмөнкү талаптар милдеттүү эмес болуп эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы №371 токтому менен бекитилген баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын Макети;
- билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдеги милдеттүү сабактардын тизмеси жана алардын эмгек сыйымдуулугу.

4. Эксперименттик билим берүү стандартын бекитүү боюнча сунуштама билим берүү уюму тарабынан билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөнкү материалдар менен кошо жөнөтүлөт:

- даярдоо багытынын/адистиктин илимий жана практикалык маанилүүлүгүнүн негиздемеси жана сунушталып жаткан багыт/адистикти учурдагы багыттар/адистиктердин алкагында ишке ашыруунун мүмкүн эместигин түшүндүргөн себептер;
- даярдоо багытынын/адистиктин өзгөчөлүктөрү;
- жаңы багыттын/адистиктин өнүгүү келечеги жана эмгек рыногундагы болжолдуу муктаждыгы;
- окуу процессинин мазмунунда жана уюштурулушунда кандай инновациялык ыкмалар жана технологиялар колдонулат;
- билим берүү программасы жумуш берүүчүлөр талап кылган практикалык көндүмдөрдү жана компетенцияларды калыптандырууга канчалык багытталган, студенттердин практикалык билимдерин жана кесиптик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө басым жасалат;
- билим берүү программасынын сапатын баалоо үчүн кандай механизмдер колдонулат (мисалы, көз карандысыз сертификация, бүтүрүүчүлөрдү баалоого жумуш берүүчүлөрдүн катышуусу);
- эксперименттик билим берүү стандартынын долбоору мамлекеттик жана расмий тилдерде (кагаз жана электрондук форматта).

5. Эксперименттик билим берүү стандарттары билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан буйрук менен бекитилет.

6. Билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекитилген эксперименттик билим берүү стандарттарынын реестрин жүргүзөт.

Приложение

к приказу Министерства науки высшего образования и инноваций
Кыргызской Республики
от «__13_» _октября 2025 г.
№ __209______

**Инструкция**
**по разработке и утверждению экспериментальных образовательных стандартов высшего и среднего профессионального образования**

1. Экспериментальные образовательные стандарты разрабатываются образовательными организациями высшего и среднего профессионального образования (далее – образовательная организация) с учетом потребностей экономики, работодателей и образовательных потребностей граждан по направлениям подготовки и специальностям, не включенным в перечни направлений подготовки и специальностей высшего и среднего профессионального образования, утвержденные Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

2. Проект экспериментального образовательного стандарта должен содержать следующую информацию:

- общая характеристика направления/специальности;
- общие требования к условиям реализации образовательной программы по направлению/специальности;
- общие требования к правам и обязанностям обучающегося при реализации образовательной программы по направлению/специальности;
- требования к содержанию образовательной программы по направлению/специальности;
- требования к кадровому, учебно-методическому и материально-техническому обеспечению учебного процесса по направлению/специальности;
- структура образовательной программы по направлению/специальности;

3. При разработке экспериментальных образовательных стандартов не являются обязательными требования, установленные:

- Макетом государственного образовательного стандарта начального, среднего и высшего профессионального образовательного стандарта Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 июля 2024 года № 371;

- уполномоченным государственным органом в сфере образования к Перечню обязательных дисциплин гуманитарного, социального и экономического цикла и их трудоемкости.

4. Предложение по утверждению экспериментального образовательного стандарта направляется образовательной организацией в уполномоченный государственный орган в сфере образования с приложением следующих материалов:

- обоснование научной и практической значимости направления подготовки/специальности с указанием причин, исключающих возможность реализации предлагаемого направления подготовки/специальности в рамках уже имеющихся направлений подготовки/специальностей;

- отличительные признаки направления подготовки/специальности;

- перспективы развития нового направления подготовки/специальности и прогнозируемая потребность на рынке труда;

- какие инновационные подходы и технологии используются в содержании и организации образовательного процесса;

- насколько образовательная программа ориентирована на формирование практических навыков и компетенций, востребованных работодателями, упор делается на практическое применение знаний и развитие профессиональных навыков у студентов;

- указать, какие механизмы оценки качества образовательной программы будут использоваться (например, независимая сертификация, участие работодателей в оценке выпускников);

- проект экспериментального образовательного стандарта на государственном и официальном языках (в бумажном и электронном виде).

5. Образовательная организация несет ответственность за качество реализации экспериментальной образовательной программы и соблюдение требований экспериментального образовательного стандарта.

6. Экспериментальные образовательные стандарты утверждаются приказом уполномоченного государственного органа в сфере образования.

7. Уполномоченный государственный орган в сфере образования ведет реестр утвержденных экспериментальных образовательных стандартов.